**“Көл жээги”**

**Сөзү:** Асанбек Жантемир жана Абдылда Белеков

**Обону**: Адильхан Жантемиров

Көк ирим көлдүн жээгинде, көлдүн жээгинде,
Кеч курун чыгам сейилге.
Аккуулар сүзгөн Ысык-Көл, ак мөлмөл,
Ансайын жагат сезимге.

Көлүмө келет баарысы, баарысы,
Келгендер келет калгысы.
Көңүлүм ооруйт дегенде, дегенде,
Көңүлдүн болот дарысы.

Көлүмдүн эли керемет, эли керемет,
Көлүмдүн жери берекет.
Алыстан келген меймандар, меймандар,
Суктанып карап берилет.

Тизилип тоолор көркөмдүү, аппак мөңгүлүү,
Айланта Ысык-Көлүмдүү.
Теңирим берген бермети, белеги,
Суктантат ар бир көргөндү.

Күзгүдөй көркөм сулуунун, көркөм сулуунун,
Ысык-Көл  тунугу суунун.
Жылдыздар түндө жымыңдап, жымыңдап,
Эргидим. Ырымды  сундум.